**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**КЕМИН РАЙОНУ**
**ЧЫМ-КОРГОН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЕМИНСКИЙ РАЙОН**
**ЧЫМ-КОРГОН АЙЫЛ ОКМОТУ**

Т Е С К Е М Е
Р А С П О Р Я Ж Е Н И Е

16-февраль 2026-ж № 23 Чым-Коргон а.

**Чым-Коргон айыл аймагында "Чүй облусунун системалуу жана комплекстүү өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын ишке ашыруу боюнча чаралар" жөнүндө**

Чүй облусунун системалуу жана комплекстүү өнүктүрүүнү камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 13-январынын №1 "Чүй облусунун системалуу жана комплекстүү өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө" тескемесин аткаруу алкыгында:

1. Чым-Коргон айыл аймагында төмөнкүлөр бекитилсин:

-"Чүй Инвестиция"- долбоорун ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы 1-тиркемеге ылайык;

- "Чүй Агро"- долбоорун ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы 2-тиркемеге ылайык;

- "Чүй Туризм"- долбоорун ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы 3-тиркемеге ылайык

-"Жашыл Чүй" – долбоорун ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы 4-тиркемеге ылайык;;

-"Таза Чүй" – долбоорун ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы 5-тиркемеге ылайык;

- "Заманбап Чүй" – долбоорун ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы 6-тиркемеге ылайык.

2. Чым-Коргон айыл аймагында программалырды аткаруу боюнча жумушчу топтор түзүлсүн:

-"Чүй Инвестиция"- долбоорун ишке ашыруу маселелери боюнча 7-тиркемеге ылайык;

- “Чүй Агро”- долбоорун ишке ашыруу маселелери боюнча 8-тиркемеге ылайык;

- “Чүй Туризм”- долбоорун ишке ашыруу маселелери боюнча 9-тиркемеге ылайык;

-“Жашыл Чүй” – долбоорун ишке ашыруу маселелери боюнча 10-тиркемеге ылайык;

-“Таза Чүй” – долбоорун ишке ашыруу маселелери боюнча 11-тиркемеге ылайык;

- “Заманбап Чүй” – долбоорун ишке ашыруу маселелери боюнча 12-тиркемеге ылайык.

3. Жумушчу топтор белгиленген тартипте:

- тиешелүү пландарда каралган иш-чаралардын белгиленген мөөнөттөрдө аткарылышын камсыз кылсын;

- ар бир артыкчылыктуу багыт боюнча иш-чаралар пландарынын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалыматты квартал сайын, отчёттук мезгилден кийинки айдын 15-күнүнөн кечиктирбестен, Кемин райондук мамлекеттик администрациясына берилишин камсыз кылсын;

-зарыл болгон учурда, иш жүзүндөгү абалды жана жетишилген натыйжаларды эске алуу менен иш-чаралар пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштарды киргизсин.

4. Коюлган милдеттерди ишке ашыруу максатында жумушчу топ зарыл болгон учурда мекемелердин адистерин, көз карандысыз эксперттерди ишке тартып, зарыл болгон маалыматтарды талап кылууга жана алууга укуктуу деп белгиленсин.

5. Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Башчы** **А.Дубанаев**

Таркатылсын:делого,
Визалар:
Атк.:Джамангулова